***Касей Муратбек***
***доцент***
***К. Молдобасанов атындагы Кыргыз***
***Улуттук консерваториясы***

# КЫРГЫЗ ЭЛДИК ЫРЧЫ-ОБОНЧУЛУК АТКАРУУЧУЛУК МАДАНИЯТЫНЫН ӨЗҮНӨ МҮНӨЗДҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Касей Муратбек***
***доцент***
***Кыргызская Национальная консерватория***
***имени К. Молдобасанова***

# ХАРАКТЕРНЫЕ ОСОБЕННОСТИ ИСПОЛНИТЕЛЬСКОЙ КУЛЬТУРЫ КЫРГЫЗСКИХ НАРОДНЫХ ПЕВЦОВ-МЕЛОДИСТОВ

***Kasey Muratbek***
***docent***
***Kyrgyz National Conservatory named***
***after K. Moldobasanov***

# FEATURES PERFORMING CULTURE OF KYRGYZ FOLK (NATIONAL) SINGERS-MELODISTS

***Аннотация:*** *Бул макалада кыргыз элдик ырчы-обончулук аткаруучулук маданиятынын тарыхый өнүгүү жолундагы өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, алардын салттуулугу жана элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүндө орчундуу орунду ээлеши тууралуу айтылат.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматриваются некоторые характерные особенности исполнительской культуры кыргызских народных певцов-мелодистов и их традиционное искусство, которые занимают важное место в народной певческой исполнительской культуре.*

***Annotation:*** *This article discusses some of the characteristics of performing culture of Kyrgyz folk singers - melodist and traditional art which occupies an important place in folk singing culture.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *ырчы-обончулук, маданият, аткаруучулук маданият, руханий, тембр, колорит, устат-шакирт, салттуулук.*

***Ключевые слова:*** *культура, певцы-мелодисты, тембр, колорит, искусство, традиция, исполнительство.*

***Key words:*** *culture, singers-melodists, timbre, color, art, tradition, performance.*

Абдан кызыктуу жана философиялык терең мазмундуулугу менен өзгөчөлөнгөн, элдик ырчы-обончулук өнөрүнүн музыка таануучулук булактары, оозеки чыгармачылыктын жана аткаруучулук маданиятынын биримдиги катары каралат. Элдик музыкалык оозеки чыгармачылыкта, ырчылык аткаруучулук анын негиздеринин бири болуп эсептелет. Адам баласынын жөө сөз менен жеткире албаган, ички дүйнөсүнүн тереңинде жаткан философиялык түйүндүү ой-толгоолорун: кубанычын, күйүтүн, кайгы-капасын, жакшылыгын, ийгилигин ж.б. баарын мүнөз-

дөп чагылдырган обондуу ыры менен, обо-лото созгон жанга жагымдуу кооз тембрлүү үнү аркылуу билдире алган.

Адам баласынын ырдоо үнү – бул өтө назик келген, чеберчилиги арткан, жанга жагымдуу, өзгөчө сапаттагы касиетке ээ болгон, кадимкидей эмес, ошону менен бирге, ачык-айкын таасирдүү жана көркөм-кооз каражаттарга бай аспап. Ырчынын ырдоо үнүнүн күч-кубаттуулугу, тембринин кооздугу, ийкемдүүлүгү ырлардын көркөмдүк бийиктигине жеткирүүгө дарамети бар, ырды кайрыктоо мүмкүнчүлүктөрүнүн кенендиги, ачык-айкын пафостун, драматизмдин молдугу, көмөкөйдө кенен дем алуу менен обонду көкөлөтө созуу аркылуу ырдоо манерасы, аткаруучулуктун жогорку чеберчилиги – мына ушунун баары, байыртадан бери кыргыз элинин ажайып көркөм-кооз тоолуу жергесиндеги элдик жогорку професссионалдык ырчылык аткаруучулук мектебинин салттуу түрдө жашоосу менен өнүгүп келгендигин айгинелеп турат.

Кыргыз элинин ырчы-обончулук өнөрү, башка жанрлар (төкмө-акындык, дастан айтуучулук, аспапчы-күүчүлүк) менен, бирдиктүү эриш-аркактуулукта жана диалектикалык тыгыз байланышта болсо да, социалдык-тарыхый өнүгүү жолунда, алардын негизги булагы катары саналат. Алардын рационалдуу шартталган тыгыз байланыштагы диалектикасы аткаруучулуктун бийик маданиятына жеткире алган. Демек, дастан айтуучулук, төкмө-акындык жана аспапчы-күүчүлүк өнөрлөрдүн негизинде обончулуктун жаткандыгын ачык-айкын көрө алабыз.

Элдик ырчылык өнөрдү жаратып, сактап, өнүктүрүп, улам кийинки муундарга калтыргандар – эл ичинен чыккан чыгаан музыкант-аткаруучулар болгондугу бизге маалым. Ал музыканттардын философиялык ой-толгоолордо жаралган социалдык-тарыхый мүнөздөгү чыгармаларын угуп, улам кийинки муундагы өнөрпоздор өздөрүнүн аткаруучулук дараметине жараша, чыгармачылыктары жана аткаруучулук чеберчиликтери өнүккөн. Бул жагдайда, алар эл ичинде салтка айланган философиялык-эстетикалык негиздеги социалдык-тарыхый маанидеги «устат-шакирттик» салттуу жолу менен өнөрлөрүн өркүндөтүшкөн.

Элдик ырчы-обончулук аткаруучулук өнөр, өзүнүн көп түрдүү жанрдуулугу жана интонациялык байлыгы жагынан, байыркы булактарынын салттуулукта сакталышынын мыйзам ченемдүүлүгү жана алардын диалектикасынын байыркы элдин социалдык-тарыхый жашоосу менен эриш-аркактуулукта өнүгүүсү аркылуу баалуулукта өзгөчөлөнөт. Музыкалык-улуттук диалекттердин аркасында, өзүнө тиешелүү мүнөздүүлүгү менен өзгөчөлөнгөн, элдик ырчылык-обончулук менен аткаруучулук маданияттын этностук бүтүндүүлүгү жатат. Бул сферада биз музыкалык-поэтикалык тил менен аналитиктик-интерпретациялык чыгармачыл ишмердүүлүктүн философиялык көз караштагы диалектикасын көрө алабыз.

Кыргыз элдик ырчылык аткаруучулугу менен жуурулушкан обончулугу, философиялык ой-толгоо боюнча айтканда, поэтика менен диалектикалык тыгыз байланышта калыптанып өнүккөн. Мунун диалектикасы ырчы-обончу жеке эле аткаруучу гана болбостон, анын акындык касиетинин болгондугунда. Элдик ырчы-обончулар чыгармачылыктарында, маданият таануучулук ой менен айтканда, коомчулуктун өз доорундагы жашоо-тиричилигин философиялык, саясий ой-толгоолорун, идеяларын, бир бүтүндүүлүгүн поэтикалык формаларда негиздеп, аны обондуу кайрыктарга салып, жалпы элге билдиришкен. Ошондуктан, ырчы-обончулардын чыгармачылыгындагы поэзиянын философиялык-эстетикалык жана этикалык ой-толгоолору, маданият таануучулукта музыкалык-поэтикалык улуу мурас, бай казына, соолбос булак катары саналат.

Ырчы-обончулардын чыгармачылыгын жана аткаруучулугун, философиялык ой-

жүгүртүү менен билдирсек, ал кандай гана коомчулук болбосун, анын жашоо-тиричилигиндеги айлана-чөйрөсүндөгү болуп турган окуяларды сезе билүүнүн, жаратылыш-табиятынын кубулуштарды аңдоонун, адам баласынын жеке турмушундагы айрым социалдык-этикалык маселелерди жеткиликтүү түшүнө билүүнүн жарчысы катары кызмат кылган. Коомчулуктун жашоосун, жаратылыштын табияттуу сырларын, адамдардын пендечилик турмушун, алардын бир бүтүндүү диалектикалык тыгыз байланыштарын билүүгө багытталган ырчы-обончулардын ички сезимдик матерализми, диалектикалык аңдап-байкоолору жашоо дүйнөсүнүн карама-каршылыктарын өз алдынча тескөөгө мажбурлаган.

Элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүндө, дастан айтуучулук жана төкмө акындык менен катар, ырчы-обончулук өнөрү да, эл ичинде байыртадан бери диалектикалык тыгыз байланыштагы тынымсыз өнүгүү жолунда болду. Нечендеген чыгаан ырчы-обончулар кезеги менен калың элдин ичинен суурулуп чыгып, элдик нукура ырчылык аткаруучулук өнөрүн, салттуу аткаруучулук мектебине айлантып, классикалык үлгү катары, муундан-муунга өткөрүп, өнүктүрүп келишти.

Элдик ырчы-обончулук өнөрүн жараткандар да, аны өркүндөткөндөр да, аткаруучулуктун чеберчилигин өнүктүрүп, маданиятын бийик көтөрүп, өзүнчө мектебин аздектешкен. Бизге дареги жетип, белгилүү болгон элдик ырчылык мектебинин гүлдөп өскөн мезгили, XIV кылымдагы Токтогул ырчы, кийинки XIX кылымдагы Бурулча (1836-1918), Сартпай (1839-1919), XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы Токтогул (1864-1933), Боогачы (1867-1935), Эсенаалы (1873-1962), Абдрахман (1889-1940), Сыртпай (1895-1925), XX кылымдын биринчи жарымындагы Атай Огонбаев (1900-1949), Муса Баетов (1902-1949), Калмурат Нурдөөлөтов (1902-1964), Шекербек Шеркулов (1902-1980), Ызакан Табалдиев (1905-1933), Асанбек Жантемиров (1908-1990), Бектемир Эгинчиев (1910-1964), Абдыкалый Темиров (1911-1951), Мыскал Өмүрканова (1915-1976), Жумамүдүн Шералиев (1915-1992) сыяктуу элдик профессионал ырчы-обончулардын чыгармачылыктары жана аткаруучулук өнөрлөрү менен байланышкан.

Кыргыз элинин ырчы-обончулук аткаруучулук маданияты өзүнүн регионалдык стилдери, аткаруучулук ыкмаларынын түрдүү мүнөздүүлүгү, филисофиялык ой толгоолору, ар бир ырчы өзүнүн аткаруучулугунда сактап келген салттуулугу, ошондой эле ар кандай мезгилдик пласттары, миңдеген жылдар ичиндеги өзүнө камтыган социалдык-тарыхый жолу менен, үзгүлтүксүз өнүгүү процессинде улам кийинки муундарга салт катары өтүп, өнүгүп келүүдө.

Байыркы кыргыз элинин маданиятында, улуу мурас катары саналган анын оозеки адабиятынан, көркөм өнөрүнөн кем калышпаган ырчы-обончулук мурасы, элдик музыкалык аткаруучулук маданиятында орчундуу орундуу элейт. Ал өзүнчө өзгөчөлүктөгү касиетке ээ. Мындай өнөрдүн ээси ырчы да, обончу да, ошону менен бирге акын да болгон. Ырчылар обондорун өзүлөрүнүн философиялык терең мазмундуу керемет ыр саптарына жазышкан. Ырчы-обончулардын өнөрү элдин калың катмарына тарап, бүтүндөй турмушу менен диалектикалык эриш-аркакта өнүккөн. Алардын чыгармачылыктарынан элдин жашоосун, жергенин ажайып кооздугун, ыйыктыгын, касиетин чагылдырган патриоттук ырлар менен катар, күйгөн, секетбай өндүү ашыктык, сүйүү ырларын кеңири кезиктиребиз. Мындай мүнөздөгү ырлардын аткаруу салты, таңдайда такылдата, көкөлөтө созуп ырдоодо болгон. Ар бир ыр, ар бир ырчынын үнүнө мүнөздүү келүү менен, жогорку аткаруучулук чеберчилигинин табиятына жараша, шайкеш келүү аркылуу жаңырып, анын ажары ачылган. Бул жагдайда, ырчынын жеке эле табият тартуулаган жагым-

дуу тембрлүү үнү гана эмес, анын эң алды ички көмөкөйлүк сезими, музыкалык шык-жөндөмдүүлүгү, философиялык ой толгоосу, ырдын мазмунуна терең түшүнүү менен жеткире аткаруучулук маданиятынын жогорку деңгээлде болушу талаптуу болгон.

Кыргыз элдик ырчылык аткаруучулук өнөрү, маданият таануучулук көз карашта, өзүнүн көптөгөн негизги параметрлери, өзүнө гана мүнөздүү спецификалык сапаттары, тарыхый баалуулугу жана өзгөчөлүктөрү, ошондой эле жогорку *аткаруучулук маданияты,* итальялык *«бельканто» («bel canto»)* ырчылык өнөр мектеби менен окшоштугу бар экендигин тастыктап турат. Мындай ой-толгоонун да ырастыгы бар. Себеби, байыртадан бери эле кыргыз элдик ырчылык аткаруучулук өнөр чөйрөсүндө, *«тоо булбулу», «бал таңдай», «жез таңдай», «ак таңдай», «көмөкөйлүү ырчы»,* сыяктуу элдик терминалогиялары айтылып, кеңири тарап сакталып, бүгүнкү күнгө чейин келгендиги бекеринен эместир.

Кыргыз элдик салттуу ырчылык өнөрдүн тарыхый-социалдык жашоосу, элдик профессионал ырчылардын мыкты аткаруучулук чеберчиликтери орус изилдөөчүлөрүн кызыктырбай койгон эмес. Белгилүү этнограф, түркolog, кыргыз тарыхын иликтөөчү С.М.Абрамзон өзүнүн эмгектеринде элдик ырчылык аткаруучулук жөнүндөгү оюн мындайча билдирген: «Созолонтуп сөз кошуп ырдоо көбүнчө алыскы райондордо, маселен, алайлык кыргыздарда сакталып калган, бирок, ал ошондой эле эпикалык чыгармаларды, көп массалык эл ырларын, өзгөчө ырым-жырымдык ырларды аткаруунун манерасы катары жашоосун улартып жатат. Бирок, кыргыз музыкасында созуп ырдай турган ырлар түрүндө ыр чыгармачылыгынын башка багыты да келип чыккан жана өнүккөн. Аларга лирикалык, ашыктык ырлары, койчулардын ырлары таандык. Созолонтуп ырдоо түндүк кыргыз урууларында кеңири тараган» [1]. Ал эми адабиятчы Г. Гачев кыргыз ыры жөнүндө өзүнүн оюн мындайча айткан: «Ыр, искусствого караганда бир канча артык болгон, ал касиеттүүлүк, арбап алуучулук ой-сезимде аткарылды... шаардык – өнөр-жайлуу, соода-сатыктуу отурукташкан өлкөлөргө караганда, анын элдин жашоосундагы, тарыхындагы жана маданиятындагы салыштырмалуу салмагы, ченемсиз зор болгон» [2].

Кыргыз элдик ырчылык өнөрүнүн аткаруучулук бийик маданияты, анын байыртадан берки сакталып келген салттуулугу чет элдик изилдөөчүлөрдүн да көңүлүн бурган. Мисалга алсак, француз окумуштуусу Г.Капю элдик таланттардын бири Идирискулдун ырчылык өнөрүнө көңүл буруп, мындайча мүнөздөгөн: «Талаага кийүүчү кийимчен бул кыргыз (казак), бүлбүлдөгөн оттун жарыгында чыныгы азаматтай көрүндү. Анын жаркын маанайдагы сыпайкерчилиги, өзүн эркин кармаган кыймыл-аракети, жумшак манерасы жана келбети жагымдуу. Ал боз үйдүн кире беришине ыңгайлана отура калып, аспабын толгоого келтирип, жай, бир канча үзгүлтүктүү ыргакта минордук тондогу обонду ойноп баштады. Анын абдан күчтүү угуу сезимталдуулугу: аспабынын толгоосу кичине эле жанып кетсе, ал ошол замат ондоп алды, андан соң, ал акырындап кооз фиоритуралар (италья тилинде Fioritura – гүл ачуу, гүлдөө – музыкада, ар кандай түрдөгү обондук көркөм-кооздомолор) менен көркөмдөп, обонду вариациялап баштады. Ал аспаптык оюну, ага ырахат берген көрүнөт. Обондун ыргагы ылдамдоо менен, оюн кызуулап барып, ырга кезек берди. Ал жаш жана бардар кыргыз кызына болгон сүйүүсү жөнүндөгү кедей жигиттин ырын ырдады. Идирискул – чыныгы артист, ал өзүнүн ырчылык аткаруучулук өнөрүнүн таң калаарлык чеберчилик-виртуоздуулугуна жетти. Андан артык кандай нерсеге таң калаарыңды билбейсиң: чеберчилигинеби же укмуштуудай көркөм-кооз ырынабы?». Андан ары француз окумуштуусу, – «Европадагы кайсы гана опералык театры болбосун, Идирискул

ырчы сыяктуу тенорлор алардын сыймыгы жана даңктуусу болмок», – деген абдан туура оюн билдирген [3]. Окумуштуунун мындай абдан так, даана берилген философиялык ой толгоодогу мүнөздөмөсү, кыргыз ырчысынын ырдоо манерасын, бой-келбетин жана аткаруучулук жүзүнүн көркөм стилин, диалектикалык бир бүтүндүүлүктө аныктап тургандыгына көңүл бурбай кое албайбыз. Ал эми, музыка таануучу А. Затаевич: «Жетисегиз жана андан алыс чакырым жерге чейин угулган ырчынын үнүнө күбө болуудан артык ага мактоо жок», - деп кыргыз ырчыларына жогору баа берүү менен мүнөздөгөн [4].

Элдик ырчы-обончулуктун аткаруучулук маданиятынын жогорулугун, чеберчилик ыкмаларынын молдугун, шык-жөндөмдүүлүгүнүн ар тараптуу күчтүүлүгүн Боогачынын, Сыртбайдын, Мусанын, Атайдын, Мыскалдын, Асектин аткаруучулук өнөрлөрүнөн, алардын «Үкөй», «Сыртбайдын ыры», «Калмураттын обону», «Сагынам», »Окудум борбор шаарынан» сыяктуу жоон топ элдик классикалык ырларын аткаруудан ачык-айкын көрө алабыз. Музыка таануучулук жагдайынан караганда, алардын өтө жагымдуу көркөм-кооз келген тембри, ырдоо үн бийиктик ченеминин кенендиги, күч-кубаттуулугу, аткаруучулук жанга жагымдуу манерасы жана жогорку чеберчилиги, бийик маданияты менен өзгөчөлөнүп, аткаруучулук касиетке ээ болушкан. Маданият таануучулук ой-толгоо менен айтканда, алар элдик ырчылык мектебинин негизин бузбай сактоо менен, ырлардын кыябын таап, көркөмдөп, ажарын ача аткарышкан. Ырчы-обончулар элдик музыканын берметтери аталган классикалык чыгармаларды аткаруу менен, алардын таалиминде обондорду, ырларды чыгарууга аракет жасашкан [5].

Токтогулдун, Калмураттын, Сыртпайдын, Мусанын, Асектин стилинде ырдоонун бүгүнкү күнгө чейин сакталган салттуулугун, өзгөчө жаш ырчылар элге даңазалап, жайылтып келе жатышкандыгы алардын обончулугунун оригиналдуулугу, элдиктүүлүгү жана ырчылык заткаруучулук маданиятынын бийиктиги. Бул жагдайда, бүгүнкү күндөгү тигил же бул жаш ырчы Мусаны же Атайды туурап ырдайт деп ойлогондор да кездешет. Мында маселе, ал залкар ырчыларды тууроодо эмес, улуу акын Токтогулдун шакирттери сыяктуу эле, анын аткаруучулук манерасында, стилинде, салттуулугун, ырдоо ыкмаларын бузбай, өзгөртпөй ар бир ырчы өзүнө мүнөздүү аткаруучулук маданиятында ырдоодо. Демек,  маселе Мусанын, Атайдын, Мыскалдын ырчылык аткаруучулук өнөрү, элдик ырчылык аткаруучулук менен тектештиги, өзөктөштүгү, үндөштүгү, ошону менен бирге, салттуулугу сакталып, тыгыз байланышта өнүгүп келүүсүндө. Эгерде, элдик салттуу ырдоонун ыкмаларын өзгөртүп ырдаган болсок, ал ырлардын мазмуну, автордун билдирейин деген оюу, мүнөзү, көркөмдүгү, уккулуктуулугу, аткаруучулук ыкмалары, салттуулугу ж. б. сапаттары бузулууга дуушар болуп, ал гана эмес ал чыгарманын жашоосу да, токтолуп калышы мүмкүн. Анткени, учурдагы көпчүлүк жаш ырчылар (эстрада багытындагы) Батыштын шайкелең музыкасынын кулу болуп, алардын таасири астында, терс мүнөздүүлүккө, элдик салттуу ырдоо мектебинин бурмалоосуна дуушар кылып келишүүдө. Себеби, аларга бүгүнкү кыргыз радио жана теле көрсөтүү да, аларга ыңгайлуу шарт түзүп, көмөк берүүдө. Ал радиодон угулган, же теледен көрсөтүлгөн шайкелең ырлар, жалпы элибиздин кийинки жаш муундарына, ташка тамга баскандай катуу таасирин тийгизүүдө. Бүгүнкү күндө, мындай мүчүлүш-кемчиликтерди кезиктирүү кыйын эмес. Эгерде, жогоруда айтылгандай мүчүлүштүктөрдүн улануусу күч алып, ага кайдыгерлик мамиле жасалган болсо, элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүнүн салттуулугу бузулуп, ал улам кийинки муундарга өтүүдө, изи жок жоголуп кетиши мүмкүн. Ал гана эмес, мындай кемчиликтер элибиздин

улуттук өзгөчөлүгүнө да терс таасирин тийгизип, анын жоголуусуна дуушар кылары шексиз.

Бүгүнкү күндө, элдик ырчылык аткаруучулук мектебинин өсүп-өнүгүүсү, жаш муундарды аткаруучулук өнөргө тарбиялоо, илгертеден келе жаткан бабалардын ырчылык өнөр мурастарынын, устаттык жана шакирттик салттуу жолдорунун негизинде жүргүзүлүүсү коюлган. Демек, маселе элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүнүн нечен кылымдардан бери, бир муундан экинчи муунга өтүүдө, алардын тектештиги, өзөктөштүгү, үндөштүгү, ыргакташтыгы ошонун менен бирге, аткаруучулуктун салттуулугу жана устат-шакирттик жолу сакталып, тыгыз байланышта өнүгүп келүүсүндө. Мына ушундай шартта гана, аткаруучулук салттуулук да, улуттук өзгөчөлүк да сакталып жашоосун улантат. Мына ушундан улам, элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүнүн өнүгүүсү токтолбостон, нукура элдик ырдоо, көкөлөтө, кенен, созолонто ырдоо салттуулугунун негиздүүлүгү менен, аткаруучулук маданият деңгээлинин бийиктиги, жогорку чеберчилиги сакталат. Мына ушундай өнүгүүнүн натыйжасы, кыргыз элинин ырчылык аткаруучулук мектебинин көптөгөн кылымдар ары эле калыптанып, өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ болуу менен өнүккөндүгүн билдирет.

**Адабияттар:**

1. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б.: 2013, 421-422-б.
2. Гачев Г. Неминуемое. Ускоренное развитие кыльтуры. – М.: 1970. С. 393.
3. Джумалиева Т.К. Казак акындарынын чыгармачылыгы бирдиктүү маданий мейкиндик контекстинде («Казак музыкасы маданий контекстинде» жыйнагында) – А.: 2002, 96-б.
4. Затаевич А.В. 1000 песен киргизского народа (напевы и мелодии). – Оренбург, 1925.
5. Касей М. Кыргыз элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүнүн тарыхы. Окуу китеби. – Б.: «Полиграфбумресурсы» басмасы, 2017.

***Рецензент: п.и.д., профессор Рысбаев С.К.***